С кырг
Т 40

Алмасбек ТИЛЕБАЛИЕВ





# ИНДИЯ ЭЛЕСТЕРИ

Ош шаары, 1993-жыл.

Формуляр книги

С кырг
Т 40

Алмасбек ТИЛЕБАЛИЕВ

# ИНДИЯ ЭЛЕСТЕРИ

(ырлар жана поэмалар)

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 437254

ХРАНЕНИЕ

,,Жазуучу" чакан ишканасы
Ош шаары, 1993-жыл.

Алмасбек Тилебалиев кең Жумгалдын көк тиреген тоо этегиндеги чамына күкүктөп аккан Көкө-Мерен дарыясынын бир куймасы Суусамыр суусунун жээгинде жайгашкан Кызыл-Ой айылында төрөлгөн. Ал—элибизден чыккан алгачкы элчилик кызматкерлердин бири. Көп жылдар бою Пакистанда, Индияда иштеген. Азыркы учурда «Кыргызинтурист» акционердик коомунун баш деректири.

Алмасбек жаш чагынан бери ыр түйшүгүн тартып келет. Аны күбүнчө туулган жер жана адамгерчилик маселелери толгондурат. Эгедердин бул жыйнагына Индия жергеси, туулган жер жөнүндө жазылган ырлары жана поэмалары киргизилди.

**АЛМАСБЕК ТИЛЕБАЛИЕВ**

# ИНДИЯ ЭЛЕСТЕРИ

**(ырлар жана поэмалар)**

**Кулактандыруусуз.**

Кыргыз Жумуриятынын жазуучулар Бирлигинин Ош дубандык бөлүмүнүн алдындагы «Жазуучу» чакан ишканасы:

## I БӨЛҮК

### ДЕЛИ

Ырды арнайм Индиянын борборуна,
Ыраазымын анда көп жыл болгонума.
Тарыхчылар «миң жылдан көп өттү» дешет,
Делинин шаар делген болжолуна.

Айта албайм мен тарыхын Индостандын,
Делиде урандысы алты шаардын.
Мезгилдин татынакай күбөсү бул,
Көчөлөрү Нью-Дели эски шаардын.

Алмашып династия which которулган,
Алардын ар кимиси шаар курган.
Сакталып турат азыр эстеликтер,
Байыркы Делидеги алты шаардан.

Алардын биринчиси Кутаб Минар,
Кызыл-Чеп, эски шаарда ак сарайлар.
Улуу могол Шахжахандын Жума мечит,
Падыша Хумаюндун күмбөзү бар.

Чынында ушул кезде Дели кандай?
Эскисин аралашып жаңы жандай.
Байлыгы, жакырдыгы бирге болуп,
Индия кандай болсо дал ушундай.

Курулуп шаар четине өнөр жайлар,
Борбордо чиренишип төрө, байлар.
Көчөдө мекемелер —соода-сатык,
Быкылдап элге толгон көп базарлар.

Заңкайып бак ичинде гүл бакчада,
Курулган тамдар турат ар башкача.
Ар түрдүү маркадагы машиналар,
Тосулган туш тараптан короосунда.

Көпөстөр жашайт экен мындай жайда,
Аларга ким теңелмек, жоктур айла.
Сандаган кембагалы, дубаналар,
Издешкен соодагерлер жалаң пайда.

Башкача кедейлердин ал-абалы,
Азап жеп колго тиет жеген наны.
Жашашат кепелерде тыгылышып,
Айтууга ооз барбайт үй деп аны.

Көргөндө көчөлөрүн таң каласың,
Эшек, ат, төөгө чеккен арабасын.
Автобус, автомобиль, рикшалар,
Бир-бирин кетип барат кубалашып,

Негизги күч унаасы —велосипед,
Жүгүн жүктөп учкашып төртөө минет.
Кооздолгон эл ташыган таксилери,
Моторикша, велорикша үч дөңгөлөк.

Жок эмес эл эс алчу кооз жайлар,
Будда паркы, Неру паркы, Лоди парктар.



Кышта көк, жазда кызыл гүлүн ачкан,
Бизде жок бир башкача бак-дарактар.

Көчөдө каалгый баскан жалаң уйлар,
Жөнөкөй уйлар эмес —ыйык алар.
Кай бири жолго кепшеп жатып алган,
Билгендей ыйыктыгын бүгүн алар.

Делинин чоң майрамы —Рам Лила,
Эпостун мотивинде «Рамаяна»,
Миңдеген эл чогулат ар бир жылда,
Атайын даярдалган аянтчага.

Айтайын Кызыл—Чепти— Лал киланы,
Падыша Шахжахандын курган шаары.
Дүйнөдө бейиш ушул деп жазылган,
Кештелүү ак мрамор бүтүн баары.

Кызыл-Чеп калган азыр музей болуп,
Көрөм деп тынбай келет элдер толуп.
Өткөндүн элестерин чагылдырат,
Кечкисин бийчи, чоорчу оюн коюп.

Делиден мен келтирдим бир аз элес,
Борбор деп аталганы тегин эмес.
Айтууга шаар көркүн келиштирип,
Аракет кылган менен күчүм жетпес.

1971—1975. Дели.

## ТААЖЫ—МАХАЛ

Кипарис бак ичинде турат күмбөз,
Жоктур дейм мен көргөндөн ага теңдеш.
Ажайып анын көркөм көрүнүшүн,
Айтууга азыр менде кубат келбес.

Коюлган Таажы Махал күмбөз аты,
Ичине көмүлгөн дейт аял заты.
Сүйкүмдүү, чексиз сулуу Мумтаз Махал —
Падыша Шахжахандын канышасы.

Укмуштун бири ушул жер бетинде.
Көркөмү асыл таштын бермети эле.
Акындар аны мактап ырлар жазган,
Арнашып Таажы Махал келбетине.

Бири аны салыштырса каухар ташка,
Бири анын сөз тизмегин тизип башка.
Күмбөздүн коздугун жар салышкан,
Чыгат деп кылым бийлеп кыйла жашка.

Бул күмбөз акыл жетпес ички арман,
Кештесин мраморго чегип салган.
Көк тиреп төрт жагында төрт мунара,
Көкөлөп булуттарга тийип калган.

Сарайдын төбөсүндө таажысы бар,
Ичинде көркөмдөлгөн бир нече зал.
Гүлдөрдү түшүрүлгөн мраморго,
Көргөндө аземине болосуң таң.



Залдагы ак мрамор кош саркофаг,
Анда азыр Мумтаз менен Жахан жатат.
Адамдын жашоодогу тагдыры өлүм,
Кутулбайт андан эч ким кайда качат?..

1972—1975 Дели — Агра.

## КУТАБ МИНАР

**(Делидеги XII кылымда курулган мунара)**

Турасың асман тиреп Кутаб Минар,
Даңкына күбө болуп көп кылымдар,
Укмуштай келбетиңе суктанышып,
Келишип далай адам ызаат кылаар.
Үстүнө тепкичтерден чыксам дагы,
Көрсөм деп сени кайра болом кумар.

Турасың эчен кылым көктү карап,
Түнкүсүн жымындаган жылдыз санап.
Төбөңдөн теребелге көз чаптырсам,
Көрүнөт мейкин аалам —бүт чар тарап.
Алдында кым-куут болуп шаарың жатат,
Көргөндүн көөнү тоюп, моокум канат.

Көркүнө көрк кошулуп ушул турган,
Ташыңа ташты тизип кимдер курган?
Турат ал өзгөрбөстөн кадимкидей,
Өтсө да нечен кылым, нечен жылдар,
Буга мен теңдеше албайт деп айтамын,
Атактуу Париждеги Эйфел мунар.

Ким болсо ошол болсун, уста белем,
Алардын талантына жок го ченем!
Султандын мезгилинде курган экен,
Кулдан чыккан Кутубдин Айбек деген.



## САРИ* ОРОНГОН КЫЗ

Көрдүм мен сари оронгон инди кызын,
Чекиттеп кал коюптур маңдайына.
Суйкайган, суктандырган бир сулуу экен,
Сулуулук жазылыптыр таалайына.

Инди кыз, көрүп сени ашык болдум,
Тепкесин жүрөгүмдүн козгоп койдуң.
Айлантып бир көргөндө торго чалып,
Түбүнө чөмүлттүң сен сан-миң ойдун.

Карегим кадалды бейм көздөрүңө,
Арбалдым ар бир айткан сөздөрүңө.
Жанында болсомчу деп тилеп жаттым,
Чөгөрүп кетсем дедим көз көлүңө.

Бирок да кете бердиң көңүл бурбай,
Мен калдым турган жерде кайгы-муңдай.
Элесиң дале жүрөт көңүлүмдө,
Айтылбас арманы мол ички сырдай.

* Сари— инди кыз-келиндеринин улуттук кийими.

## ТИРҮҮ КУДАЙ

Индия кызык өлкө бир укмуштай,
Тиричурда жашайт дейт тирүү кудай!
Жобурап келгендерге дуба берсе,
Адамдар алкап улам акча сунмай,

Биканерде чычкандар храмы бар...
Чуркап жүрөт жайнаган арс, чычкандар.
Этият бол, бирөөнү басып алба,
Келишип эл сыйынат, ыйык алар.

Кокустан анын бирин басып алса,
Эгерде анын бирөө өлүп калса.
Төлөйсүң аргасыздан айыбына,
Чычкандын салмагындай күмүш акча...



## НАТАРАЖА

### (Бийлеп турган кудай Шива)

Шивадан бир көрүнүш Натаража...
Таңданам бир бут менен бийлеп жатса...
Адамга укмуш кызык көрүнүшү,
Сунулуп төрт колу тең төрт тарапка.

Бий экен тереӊ сырдуу «Натаража»,
Эң ыкчам аткарылган ылдамдыкта,
Бул бийин эгер Шива орундатса,
Жок болмок дүйнө кыйрап бир заматта.
Андыктан бийленбесин «Натаража»,
Бул бийден кудай сакта, кудай сакта!

## ШИВАЛИНГАМ

**(Шива кудайынын эркектик белгиси)**

Соройгон мамы турат
орнотулган,
Белгинин бири ушул —
эл сыйынган.
Турушат храмдарда молоюшуп,
Эл билет, анын аты Шивалингам.
Бул анын эркектик белгиси экен,
Жерге түшүп, сыйынганга
элге калган.
Индустарга эрөөнү жок,
уяты жок,
Кээ бирине Лингам деп
ат коюлган.



## МИНАКШИ

Храм бар байыркы
шаар Мадурайда,
Көк-жашыл бак-дарактуу
сонун жайда.
Гопурамы —төрт бурчунда
мунаралар,
Көрүнөт карааны анын
алда кайда.

— * —

Минакши —ээси анын
балык көздүү,
Жагымдуу эл сыйынган
бир мүнөздүү.
Бул жерде Шива кудай
ага үйлөнгөн,
Бир нече андан бери
кылым өттү.

— * —

Шивага Минакшини нике
кыйган,
Болууга ага күбө
эл жыйылган.
Сандаган кылымдардын
кыйыры өтүп,
Легенда ал жөнүндө
бул айтылган.

— * —

Бир залда кылкылдаган
элдер турат,
Алардын бири туруп,
бири олтурат.
Дымыган коюу тынчтык
өкүм сүрүп,
Дыңылдап чымын учса
үнү угулат.

— * —

Киргенде биз таң калдык,
бул эмнеси?»
Көрсө алар тирүү эмес,
киши элеси.
Жасалган чеберликте
скульптура,
Адамдай тосот таңды,
эрте-кечти.

— * —

Бир залда орнотулган
колонналар,
Үн чыгат чертсең аны
музыкадай!
Угулат кулагыңа ар
башкача,
Өзүнчө ар кимиси
ырдагандай...



## ИНДИЯ БАЯНЫ

### (поэма)

Ыр сунамын Индиянын элине,
Ажайып кооз, кереметтүү жерине.
Башымды ийип, ысык салам айтамын,
Байыркы шаар, көрктүү шаар Делиге!

Жай алган жер —индустардын аралы,
Гималай тоо анын түндүк тарабы.
Эң байыркы тарыхтарга жазылган,
Улуу өлкө Индиянын баяны.

Тарых күбө, өттү арадан миң жылдар,
Эзелтеден саналды көп кылымдар.
Эбегейсиз байлыгына кызыгып,
Келген далай баскынчылар, зулумдар.

Маданиятын көргөн пенде таң калат,
Адабиятын окуп, билим алган ак.
Байыркы шаар Мохенжо-Дара, Харапа,
Көркү менен көз талдырып шаңданат,

Капысынан бир күнү сокку урулган,
Кооз шаарлар гүлдөгөн жок кылынган.
Бейпилдикте тынч жаткан шаар эли,
Талоон болуп душманга бүт кырылган.

Арий деген аларга ат коनуптур,
Көздөрү көк, денеси ак болуптур,
Батышка да, Чыгышка да чабуул жасап,
Арийлердин мингени ат болуптур.

Аралашып жергиликтүү эл менен,
Мекен кылып алар жерин жердеген.
Өткөн экен далай жаңы кылымдар,
Индостанга дагы кимдер келбеген...

Бири алардын —Македондун Искендер,
Сан жетпеген ал баштаган аскерлер.
Бийлик кылат, азыр дагы сезилет
чет элдиктер калтырышкан таасирлер.

Анан да баскынчынын жөнүн айтсак,
Бир кезде басып кирген Темир аксак.
Таланып, суудай агып, кан төгүлүп,
Түшүптүр эл башына кайгы, азап.

Желдеттер элди кырып, кыйнаган дейт,
Чырылдап катын-бала ыйлаган дейт.
Самарканда жаңы борбор курдурууга,
Уздарды, усталарды жыйнаган дейт.

Темирдин чөбөрөсү Бабур келген,
Панипатта Лодиге сокку берген.
Негиздеп моголдордун санжырасын,
Мурас кылып калтырып Делиде өлгөн.
Жоокерлери керээзин аткарышып,
Сөөгүн анын Кабулга барып көмгөн.

Моголдор Индияда көп турушкан,
Элин эл, кең Мекенин жер кылышкан.
Калтырып өздөрүнө көп эстелик,
Ак сарай, алтын мечит, шаар курушкан.



Жетим калып, он төрт жашта такка конгон,
Мыктысы моголдордун Акбар болгон.
Баш кошуп Индостандын көп элдери,
Бирдиктүү мамлекет күчкө толгон.

Айтышат башкалардан Шахжаханды,
Ал Агра, Делиге шаар салды.
Дүйнөдө жети укмуштун бири кылып,
Курдуруп кеткен экен Таажы Махалды.

Андан соң моголдордун күчү кетет,
Болгон дейт ага себеп Аурангзеб.
Кан агып, кайра согуш башталыптыр,
Кыйналып, эл ач калып эзүү күчөп.

Соодадан адегенде ишти баштап,
Астыртан билинбеген торун таштап,
Керек деп соода-сатык байланышка,
Жер сурап, ошол жерге сугун аштап.

Жиберип анан толгон аскерлерин,
Жүгүнтүп карапайым бүткүл элин.
Акырын Англия басып алган,
Билгизбей Индиянын чексиз жерин.

Асыл таш, алмаз каухар, берметин,
Ташыган сандал жыгач, шербетин.
Тоноп күндө храмдарын, сарайын,
Бузуп турган көркөмдөлгөн келбетин.
Каршы чыгып, баш көтөрсө бирөөлөр,
Жазалаган жиберишип желдетин.



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 431254

Баскынчылар ойноп, жыргап, тойлогон,
Түбөлүккө бийлейбиз деп ойлогон.
Алып-жулуп, талап-тоноп турса да,
Ал ачкөздөр эч нерсеге тойбогон.

Индиядан олжо, байлык табышкан,
Калкуттаны борбор кылып алышкан.
Бирок, кийин бул шаарды да чанышып,
Жаңы борбор Нью-Делини салышкан.

Дүйнөдөгү силкинүүнүн кабары,
Токтолбостон Индияга тарады.
Британдыкка каршы күрөш өрт алып,
Күндөн-күнгө күчөп элдин талабы.

Башында Ганди менен Неру болгон,
Боштондук кыймылы өсүп акыл-ойдон.
Баскынчы Британиянын төрөлөрү,
Аргасыз келишимге колун койгон.
Индия эли чыгып эркиндикке,
Британия үстөмдүгү ойрондолгон.

Британдыктар митайымдык иш жасаган,
Индостанды экиге бөлүп жарган.
Индия, Пакистанда болуп келет,
Бүтпөгөн бүгүн дагы талаш жаңжал.

Делиде —Кызыл Чепте желек турат,
Желбиреп шамал жүрсө алга умтулат.
Индиянын эркиндик белгиси бул—
Неру баатыр көтөргөн ыйык байрак.



Көп мезгил өтүп кетти андан бери,
Өзгөрдү таанылгыстай Индия жери,
Жаралды далай сонун ийгиликтер,
Таланттуу, көп улуттуу инди эли.

Белгилүү бүт дүйнөгө мамыл чайы,
Өнүктү эбегейсиз өнөр жайы.
Ариабата, Бхаскара, Рохини,
Космоско спутниктер учкан чагы.

Жаралып зор эмгектен ийгиликтер,
Багынды кол жетпеген бийиктиктер.
Шонтсе да жетишээрлик кемчиликтер,
Алдыда чечилбеген кыйын иштер.

Тез өсүп бара жатат элдин саны,
Жөнөкөй маселе эмес чечиш аны.
Коюлган өлкө алдына милдеттер көп,
Канча иштер күтүп турат башка дагы.

Миллиардер Бирла, Тата, Гоенкалар,
Жылына миллиондоп киреше алат.
Иштеген булар үчүн жумушчулар,
Чынында тирүү товар атаганат!

Жок эмес эл ичинде кедейлери,
Көп иштеп, маңдайынан аккан тери.
Көчөдө кайыр сурап жүргөндөр бар,
Үйү жок, ачык асман жаткан жери.

Элинин көпчүлүгү динге ишенет,
Сыйынган кудай канча? Кимдер билет?
Будда, Вишну, Шиванын храмдары,
Турушат кылым санап, асман тиреп.

Кудай деп сыйынышат уйга дагы,
Жылан, чычкан, дагы бар башкалары.
Сыйлашып эл ичинде урматташат,
Керемет маймыл кудай Хануманы.
Жүздөгөн миллиондон ашат дешет,
Сыйынган кудайлардын жалпы саны.

Баарынан каста деген жаман нерсе,
Ар кандай адамдарды топко бөлөт.
Жогорку касталарын көкөлөтүп,
Кемсинтип башкаларын төмөн көрөт.

Брахман хариженды адам дебейт,
Бир болуп аны менен тамак жебейт.
Ал тургай бир кудуктан суу ичишпейт,
Харижан кечкен сууну тигил кечпейт.

Бир ооз сөз каада-салттан айта кетсек,
Кыз тарап жигиттерге калың берет.
Чынында анын аты калың эмес,
Индустун тили менен «доури» делет.

Индустар сөөгүн өрттөп сууга чачат,
Бул өзү байыркыдан калган адат.
Парсилер Карачиде, Бомбей жакта,
Өлгөнүн мунарага таштап качат.



Соксоюп олтурушкан бак башында,
Жасатты карга, кузгун, жору басат.

Дашера, холи, пужам майрамдары,
Жык-жыйма элге толот майдандары.
Өзүнчө оюн, күлкү тамашалар—
Эң кызык көрбөгөнгө сайрандары.

Токтобой төрт ай бою жамгыры жаайт,
Дыйкандар эмгектенип эгин айдайт.
Мезгилдин жазгы, жайкы убагында,
Куйкалап аптап күчөп тамчы тамбайт.

Талаада буудай менен күрүч айдайт,
Чарбада уй, буйвол, чочко кармайт.
Шаарбы же айылбы —базарларда
биз билбес жер-жемиши жайнайт, кайнайт.

Папая, мангостино, жыгач наны,
Маниоко, мангосу, банандары,
Ананас, апельсиндер, мандариндер,
Кашмирдин кандай сонун алмалары.

Толтура токоюнда жаныбарлар,
Пил, жолборс, аюу жана арстандар.
Шаардын көчөсүнөн көрсөң болот,
Кобрадай коркунучтуу уу жыландар.
Эч кимди мунун баары таң калтырбай,
Секирген шактан-шакка шок маймылдар.

Индия — дүйнөдөгү кызык өлкө,
Түгөнбөс, сөз да жетпес айта берсе.
Сөзүмдү ушу менен бүтүрөйүн,
Эгерде окурманым туура көрсө!..



## САГЫНУУ

Чет жерден айтам саламды,
Калайык калкым аманбы?
Көрсөм деп күндө эңсеймин,
Көйкөлгөн түзүң, талааңды.

Аралап болдум көп жерде,
Ар башка улут, көп элде.
Ар түрдүү кызык көп көрдүм,
Окшобойт экен өз жерге.

Толгонуп самап жеримди,
Толтурсам дедим кемиңди.
Ак мөңгү баскан Ала-Тоом,
Ар убак бурат көңүлдү.

Акындар төккөн термесин,
Жүргөнсүйм тууган жерде өзүм.
Дүйнөдө көрктүү жерлер көп,
Таппадым сага теңдешин.

Ичимден сызып тымызын,
Ичсем деп эңсейм кымызын.
Кусадар болдум сагынып,
Кутман эл —асыл кыргызым!

Кусадар болом көрүүгө,
Жетсем деп эңсейм Көлүмө.
Эс алаар күндөр болсочу,
Эркимче сүзүп чөмүлө.

Көк-жашыл жайлоо туланы,
Көгүлтүр тунук булагы,
Көгөрткөн энем— өскөн жер,
Көңүлдөн азга чыгабы!

Алыстан билдим баркыңды,
Арттырсам деймин даңкыңды!
Жанымдан артык көрөмүн,
Кымбатым кыргыз калкымды!..

1975. Дели



## II БӨЛҮК

## КЫЗЫЛ-ОЮМ —АРДАГЫМ

Туулган жерим —Кызыл-Оюм —ардагым,
Кол бошобой көптөн сага барбадым.
Сууң жутуп, гүлдөрүңдөн жыттасам,
Азаймакчы, арылмакчы арманым.

Кызыл-Оюм —киндик каным тамган жер,
Мен чоңоюп балалыгым калган жер.
Жамандыкты, жакшылыкты көтөргөн,
Майышпаган, кайышпаган балбан жер.

Кызыл-Оюм тегерегиң бийик тоо,
Ак мөңгүлүү аппак чоку, аска-зоо.
Ар коктуда кашка суулар мөлтүрөп,
Агып жаткан атыр жыттуу терең коо.

Бир тарабың Көкө-Мерен көк дайра,
Көбүн көрдүм, ага жетчү суу кайда?!
Көк чыбыкты минип алып ат кылып,
Балалык кез өткөн болчу бул жайда.

Кызыл-Оюм тоо койнунда кичине,
Тең келе албайт Чүйдүн кенен түзүнө.
Бирок, менин өскөн жерим —кымбатым,
Алмаша албайм башка жердин жүзүнө.

1981. Кызыл-Ой.

## ЧАР ИЧИНДЕ

Ойлонуп көп убакта кусадармын,
Көрсөм деп эңсей берем ичин Чардын.
Көп жылда бир чыгынып барган элем,
Орду жок атам салган жалпак тамдын.

Бул жерди Чар деп неге аташты экен,
Кандайча ата-бабам жашады экен?
Эселек бала кезди мен өткөргөм,
Эсимде калгандарын айта кетем.

Ойлосоң азыр аны болосуң таң,
Салынган ар коктуга жалгыздан там.
Адамдар бир-биринен алыс жашап,
Бир кезде өткөн тура шондой заман.

Жашачу Үч-Колотто Кожотайлар,
Алардын кошунасы Талканбайлар.
Кызыл-Дөбө тарапта Жолукелер,
Өзүнчө аркы өйүздө Жаманбайлар.

Айлана бүт оронуп аппак карга,
Кышында жашайт элек жалгыз тамда.
Туугандар, кошуналар сагынгандай,
Айылдап келип-кетчү анда-санда.

Кышында жалгыз тамдан түтүн булап,
Теребел тып-тынч эле бүт тунжурап.
Адамдар жашаганын билдиргенсип,
Алыстан үргөн иттин үнү угулат.



Эркектер алек болуп малын багып,
Атына, уйларына чөбүн салып.
Аялдар үйдө оокат жасачу эле,
Суу ташып, казан асып, отун жагып.

Кыш кетип, көптөн күткөн жаз да келип.
Күн жылып, мелтиреген карлар эрип,
Оронуп жердин бети тукабага,
Жечүбүз биз кымыздык, текей терип.

Жаз менен кошо келчү келгин куштар,
Сасык үпүп, чабалекей, карлыгачтар.
Көк оттоп, так секирип ойноп кетчү,
Чыгышкан кыштан аман арык малдар.

Жаз алды боз үй тигип там жанына,
Көчүшчү малын айдап эл камына.
Өзүнчө конуш тандап ар бир урук,
Жөнөшчү жайлоо көздөй бүт жабыла.

Жаштары жакаларда эгин эгип,
Апалар жайлоолордо үйүн тигип.
А балдар оюн менен алек элек,
Кээде торпок, кээде чыбык ат минип.

Эч качан мен унутпайм Чардын ичин,
Калды го жолдорунда баскан изим.
Кээде мен эстегенде эңсеп кетем,
Калса деп кабыл болуп көргөн түшүм.

Түшүмдө мен жыңайлак чуркап жүрөм,
Кичине бала кездей ойноп-күлөм.
Апакем уук сайып боз үй тигет,
Мен жыттап көк конуштун гүлүн терем...

1983. Кызыл-Ой.



## СУУСАМЫРГА БАРАТКАНДА

Алдымда айдаганым кара «Волга»,
Баратам сапар чалып Суусамырга.
Оюма түшүп далай өткөн турмуш,
Унчукпай өз ичимден батам сырга.

Машина алга умтулуп чимирилет,
Оп-оңой бурулушта имерилет.
Өткөн күн улам кайра эске келет,
Айтпасам эгер аны кимдер билмек.

Бул жолдо нечен курдай жөө баскамын,
Бийик бел Төө-Ашууну көп ашкамын.
Кичине бала кезде жетим калып,
Турмуштун запкыларын куп тарткамын.

Баскамын Кара-Балта капчыгайын,
Ал күндөр баштан өткөн мага дайын.
Улар-Таш, Төө-Ашууну арыткамын,
Бойлоп мен сел жүрүүчү таштуу сайын.

Ал кезде болгон экен кыйын турмуш,
Эч убак эстен кетпес, унутулгус.
Чарчаган жерге жатып түнөп калып,
Тээ көктөн санагамын сансыз жылдыз.

Азыр мен ыраазымын заманыма,
Көп окуп, терең билим алганыма,

Кечээги жөө, жыңайлак жүргөн жетим,
Бу күндө адам болуп калганына.

Өлкөмүн зор милдетин мен аткарып,
Кубанам чоң тапшырма алганыма.
Алыскы чет өлкөгө өкүл болуп,
Көп жылга иштегени барганыма...

1982. Бишкек—Суусамыр жолу.



## КӨКӨ-МЕРЕН КӨК ДАЙРА

Эсимден дайым кетпеди,
Көк дайра Көкө-Меренимм.
Көркүнө анын көрк кошкон,
Жээгинде өскөн терегиң.

Капчыгай ичи жаңырык,
Күркүрөп үнгө жарылып.
Күлдүрөп таштар кошо агат,
Күрсүлдөп алга чамынып.

Шар аккан жерде буулугуп,
Шарпылдап жээкке урунуп.
Туруштук бербей кошо агат,
Кайың, тал, терек жулунуп...

Чуңкурдуу жерге суу толуп,
Айлампа терең көл болуп.
Эңкейиш жерде ээлигет,
Эчкидей ташты омкоруп.

Аралап нечен капчыгай,
Бир нерсе издеп тапчудай.
Шашылып кайда агасың,
Айтылбас сырың барчудай?

Суунду тосуп бөгөлөп,
Күчүңдөн пайда эл көрөт.
Жээгинде гүлдөйт талаалар,
Жемиш бак бышып мөмөлөп.

Капчыгай ичи суу толот,
Кайыктар сүзүп көл болот.
Каналдар менен суу чыгып,
Эгилген данын мол болот.

Электр шамы жагылат,
Өзгөрүп аймак жаңырат.
Тоондо жаткан бекинип,
Казылып кендер алынат,

Ачылат сенин сырларың,
Айтып мен аны ырдадым.
Элибиз көрөт убайын,
Алдыда турмуш жыргалын.

1983. Кызыл-Ой.



## ТӨӨ -АШУУ МЕНЕН СЫРДАШУУ

Төө-Ашуу —Суусамырдын бийик бели,
Аташкан окшоштуруп төөгө сени.
Азыр сен адамдарга баш ийдиңби?
Жашырбай чын сырыңды айтчы деги!

Өзүндө жол бар эле жалгыз аяк,
Аркайган аска, зоолор көктү карап.
Үстүндөн жайдыр-кыштыр булут кетпей,
Турасың эч кебелбей кылым санап.

Кышында жумурткадай карга оронуп,
Бурганак кар учуруп, бороон болуп.
Ашууңду ашып өтүү кыйын эле,
Жиги жок жалгыз аяк жол жоголуп.

Кышкысын карга толуп ашуу бекип,
Жазында тескейинден көчкү көчүп.
Далайлар кайтпай калчу үйлөрүнө,
Суукка тоңуп, көчкүгө кошо кетип.

Жай-кышы жүргүнчүгө катаал элең,
Арманын элдин такыр укпас кереӊ.
Аябай азап чегип кыйналышып,
Өтчү эле эл айдаган малы менен.

Айттым мен тарыхыңды өткөндөгү,
Өзгөрүп жоголду азыр анын көбү.
Ашууга даңгыраган жол салынып,
Жай-кышы ачык болдуң сен багынып.

Аска-зоо, таштарыңды нандай кесип,
Адамдар жол курушту тоону тешип.
Маскөөдөгү метродой кенен туннел
ичинен кыйма-чийме машина өтүп.

Малчылар жол кыскартып малын айдап,
Жаз, жайда Суусамырдын төрүн жайлап
Шоопурлар өйдө-төмөн тынбай каттайт,
Зуулдата ар түркүн машина айдап.

Кетпеди бирок сенден жаман адат,
Кышкысын кээде көк муз, жол тайгалак.
Болбогон жоругуңду койсоң боло,
Үйрөнгөн бул адатың качан калат?

1985. Төө-Ашуу.



## КОЖОМКУЛ

Суусамырдан Кожомкул балбан чыккан,
Болгон эмес күрөшүп аны жыккан.
Ашып кеткен ашуудан ат көтөрүп,
Калппы-чынбы жазыгы жок кулак уккан.

Төө-Ашуунун белинен ат көтөргөн,
Тогуз киши жылдыргыс таш көтөргөн,
Чынында болгон эмес ага теңдеш,
Чыгышкан балбандардан кыйла элден.

Кожокем жомоктогу алптай эле,
Жоругу көрбөгөнгө калптай эле.
Ченемсиз ашып-ташкан балбандыгы,
Тараган жомок болуп кыргыз элге.

Көрдүм мен Кожокемди жалгыз курдай,
Сезилди жомоктогу баатырлардай.
Айрыкча мага таасир калтырганы,
Көздөрү Ысык-Көлдүн быткылындай.

Аттанып келбес сапар кеткен балбан,
Күмбөздө колдорунун тагы калган.
Жанында ал көтөргөн ташы турат,
Көргөндү айран кылып, таң калтырган.

1985. Кожомкул айылы.

## КӨЛ ЖЭЭГИНДЕ

Көл жээгинде көтөрүлөт көңүлүм,
Мен жашарып узаргансыйт өмүрүм.
Моокум канбайт карасам да канча ирет,
Көркөмүнө көп куштармын Көлүмүн.

Эң бир зарыл ишим бардай байланып,
Көл жээгинде көпкө басам айланып.
Ак селдедей мөңгү оронгон чокулар,
Турушкансыйт мага карап таңданып.

Көлдүн жээги кандай сонун керемет,
Беттен сылап тоодон муздак жел келет.
Жаш балдардай кубалашып толкундар,
Каз-өрдөктөр көл үстүндө термелет.

Көл боюнда эрте туруп басамын,
Эң бир кызык тамашага батамын.
Из кубалап аң уулаган аңчыдай,
Мен да билдим кыргоол, коён жатагын.

Көлдүн үстү кээде тып-тынч мемиреп,
Алыс жактан ак кемеси көрүнөт.
Айлананы шаңга бөлөп көрк берип,
Күндүн нуру суу бетине төгүлөт.

Көлдүн суусу мөлтүр кашка, туп-тунук,
Кең жайлоонун туланындай кулпуруп.
Бороон болсо бууракандап, шарпылдап,
Тоодой толкун жээк көздөй урунуп.



Көл жээгинде басып жүрөм чарчабай,
Моокум канбай, кумарым эч таркабай.
Касиеттүү абасынан дем алып,
Эч жеримдин ооруганын байкабай.

## КОМУЗ ҮНҮ

Комуз үнү таңшыйт, сайрайт, кубулат
Кулагыма миң түркүн күү угулат.
Мемиретип теребелди терметип,
Таң булбулу безенгенсип туюлат.
Комуз үнү, комуз үнү кубулат.

Комуз үнү бүлөп, кайрап сезимди,
Эске салат менин жаштык кезимди,
Кыска түнү таттуу уйкуда жатканда,
Мени ойготуп, чайыттай ачат көзүмдү.
Комуз үнү бүлөйт каткан сезимди

Комуз үнү жаны го дейм кыргыздын,
Соккон жүрөк, каны го дейм кыргыздын.
Кылымдардан кылымдарга дем берип,
Жолун ачкан шамы го дейм кыргыздын!
Комуз үнү жаны го дейм кыргыздын!

Мен өкүнөм калып дайым арманда,
Үйрөнө албай, комуз чертпей калганга.
Эрмек болуп көңүлүмдү көтөрмөк,
Жаш улгайып, алдан тайып карыганда.
Өкүнөмүн комуз чертпей калганга.

«Көкөй кести» күү чертилип муңкантып,
Далай адам келбес сапар аттанат.
Комуз үнү кыргыз менен түбөлүк,
Бирге болуп кылымдарга сакталат.
Комуз менен кыргыз элим мактанат.



Бабалардан бизге калган осуят,
«Сынган бугу», «Тогуз кайрык», «Насыйкат».
Дагы жаңы сонун күүлөр жаралсын,
Келечекте нур заманда акыйкат,
Кайрыктары бизге калган осуят.

## ТАҢ БУЛБУЛУ

Таң булбулу таңшып ырдап сайрайсың,
Миң кубулжуп сайрагандан талбайсың.
Кереметтүү симфония өзүнчө,
Бул ырыңды деги кимге арнайсың?

Таң булбулу угам сени күнүгө,
Өтө ашыкмын сенин мукам үнүңө,
Үнүң сенин ээлеп алат сезимди,
Жүрөк толкуйт чырмалгандай сезимге,

Таң булбулу таңдайыңда сыр барбы,
Атай, Мыскал, Муса ырдаган ыр барбы?
Таң алдында безеленип сайрайсың,
Тартуулап сен адамдарга жыргалды.

Ырың сенин жан жыргаткан ыракат,
Уккан сайын боюм балкып баратат,
Таң булбулу сенин назик үнүңө,
Миң мертебе алкыш айтам, ыракмат!

Сенин үнүң биз билбеген керемет,
Салыштырсам сага кимдер теңелет?
Миң кайрыктуу кубулжуган ырыңа,
Бүт табийгат балкыгандай термелет.

1986. Бишкек.



## АДАМ ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Адам неге ар убакта ашыгат,
Мүнөт санап, саат санап шашылат?
Анткени анын өмүрү өтүп жатпайбы,
Секунд санап ал жашына жаш улап.

Адам неге кээде жыргап сүйүнөт,
Кээде кайгы-капаланып күйүнөт?
Анткендиги жашоо, турмуш ошондой,
Сүйүү-күйүү, жыргал-куурал бир жүрөт.

Адам неге алга карай умтулат,
Ар-намыстуу арзый турган иш кылат?
Кээ бирөөнүн ыплас жаман ишине,
Боюң үркүп, төбө чачың тик турат.

Ойлой берип таң каламын адамга,
Адам улук жаратылыш —ааламда.
«Эй, сен акмак, адам наамын булгаба!»
Деп мен кээде айткым келет нааданга.

Адам болсоң ак жолуңдан чыкпагын,
«Адам эмес» деген сөздү укпагын.
Атам менин адам болгон экен деп,
Айта жүрсүн артыңдагы урпагың....

## УЛГАЙГАНДА

Бир убакта биз да жап-жаш бала элек,
Эч нерседен кабары жок эселек.
Жаш улгайып өтсө жылдар арадан,
Эске түшүп ойго салат ал кезек.

Көк чыбыкты минип алып сабалап,
Көбүргөндүү көк жылганы аралап.
Ойночу элек эч нерседен кабарсыз,
Кандай сонун, кандай жыргал бала чак!

Айыл чети ай төгүлүп жап-жарык,
Улан-кыздар чогулушчу жарданып,
Жоолук таштап, шабият тээп, ыр ырдап,
Чарчоо билбей биз кумардан канбадык.

Жылдар өтүп, чоңойдук биз бой тартып,
Акыл кирип, адам болуп ой артып.
Ал кездеги сербеңдеген жаш кыздар,
Тез жетилип гүлүн ачты суктантып.

Биз аларга өрттөндүк деп кат жаздык,
«Учкуч, геолог боломун» деп мактандык.
Көбү өзүнүн теңин таап кетишти,
Өзүбүзгө жар таап биз да шаттандык.

Үйдүн куту, төрдө мына жарыбыз,
Бала сүйүп, ата болдук баарыбыз.
Алыс кетсе күндө жолду карайбыз,
Аны менен бирге өңдөнүп жаныбыз.



Жаш улгайып агарса да чачыбыз,
Кетпесе экен биздин кадыр-баркыбыз.
«Эр карыса— эл карыбайт» деп айтат,
Эсен болсун касиеттүү калкыбыз!

## КАРЫЛЫК

Жаштык кез кетип таарынып,
Жабышып келет карылык,
Жалындуу кайран гүлгүн чак,
Жалынсаң келбес сагынып,

Кызылы өчүп бетиңдин,
Кыябы качып этиңдин.
Алтындай кайран балалык,
Алыска кетип бекиндиң.

Көмүрдөй чачым агарып,
Көрүнбөй койдуң балалык.
Билинбей калды бир күндөй,
Шыр өтүп кеткен аралык.

Көздөрдүн кетип оттору,
Жүрөктүн өчүп чоктору.
Жаштыгым кетип сапарга,
Кайрылып келбейт окшоду.

Курулай арман кылбайлы,
Небере сүйүп жыргайлы.
Гүлгүндөй биздин жаштык кез,
Балдарга кеткен турбайбы!
Уулума, кызыма кеткен турбайбы!



## БОРБОРУМ СҮЙГӨН БИШКЕГИМ

Көк-жашыл дарак булварың,
Көркөмдүү шаарым жыргалым!
Көркүңө сенин кызыгып,
Көп акын жазган ырларын.
Көңүлүм толкуп чыдабай,
Мен дагы эргип ырдадым.

Көчөлөр толгон бак-дарак,
Көркүңө элим мактанат,
«Ала-Тоо» аттуу аянтың,
Арбын эл жыйнап салтанат.
Кулпуруп бүткүл айланаң,
Канатын жайган чар тарап.

Аянтта турган карачы,
Ак кула минген Манасты,
Кеңешин айтып кашында,
Акылман Бакай абасы.

Сагымбай менен Саякбай,
Сан элден чыккан таланттай.
Сандаган сапты бүт айткан,
Саргарган кагаз карашпай.

Эркиндик туусун көтөрүп,
Уркуяң турат көкөлөп.
Ар-намыс үчүн төрөлгөн,
Азамат уул-кыз өсө элек.

Шаарымда далай эстелик,
Көркүнө турат көрк берип.
Курулду Жеңиш аянты,
Согушту өткөн эскерип.

Боз үйдө эне элеси,
Баласын күткөн согуштан,
Гранит ташка жазылган,
Баатырлар курман болушкан.

Күн өткөн сайын жаңырып,
Көп кабат үйлөр салынып.
Түнкүсүн жарык күндүздөй,
Электр шамы жагылып.

Багынып башсыз сайларың,
Гүлдөдү сенин аймагың.
Көркүнө чыгып көчөлөр,
Көкөлөп турат байрагың.
Көбөйтө бергин ар күнү,
Көңүлдүү турмуш сайранын.

1986. Бишкек.



## ЭСКИ ЖЫЛ МЕНЕН ЖАҢЫ ЖЫЛ

Эски жыл кетти көтөрөм,
Өз милдетин өтөгөн.
Кадырлап аны узатып,
Калк үчүн тост көтөрөм.

Кел жаңы жыл, аманбы?
Кубанып айтам саламды!
Тынчтык, бакыт келтирип,
Жылмайта бергин ааламды.

Ыракат келсин жериме,
Ырыскы келсин элиме.
Дыйкандар алсын мол түшүм,
Турпакка төккөн терине.

Ийгилик дагы улансын,
Эмгекчи элим кубансын.
Өлкөбүз өсүп өркүндөп,
Күч-кубаты чыңалсын.

Дүйнөгө тынчтык орносун,
Каардуу согуш болбосун!
Каалаcа кимдер согушту,
Эзели жыргап оңбосун!

Жаңы жыл тосуп жыргайлы,
Жадырап бирге ырдайлы!
Кадыр түн тоскон илгерки,
Каада-салт биздин турбайбы!

## ШАТМАНДЫН ЭСТЕЛИГИНЕ

Мен отуруп ойлоп сени кейидим,
Ысык-Көлдөй кенен эле пейилиң.
Келбес сапар кете бердиң аттанып,
Кулуну элең толук кыргыз элинин.

Өстүк бирге айтчубуз бир бололук,
Жетимдиктен жетилгенбиз торолуп.
Дагы жашап, үзүр көрөр чагыңда,
Жатып калдың кара турпак оронуп.

Жаш кезиңден жапа чектиң оорудан,
Бошотподу сени жайган торунан.
Бирок ага моюн сунбай күрөшүп,
Алга басып адашпадың жолуңдан.

Элге маалым сенин далай сырларың,
Жүрөгүңдөн кайнап чыккан ырларың.
Ак боз атты Керме-Тоодо алкынтып,
Элиң үчүн дагы жашап турбадың.

Калыс элең ичиңе кир илбеген,
Кенен элең таарынганды билбеген.
Жакын элең жан жолдошко, элиңе,
Жашап өттүң жаркын маанай дил менен.

Көңүлчөөк бир жаш өспүрүм балача,
Ынак болуп куруучу элең тамаша.
Сага ишенип кадырлашчу бардыгы,
Бирге жүргөн жолдошторуң жанаша.



Алып кетти аябады шум өлүм,
Ак кагазда ырың калды түбөлүк!
Жаркыраган элесиңди унутпай.,
Ар убакта биз эскерип жүрөлүк!

## КЫРГЫЗ МЕНЕН ЧЫҢГЫЗ

(чакан поэма)

Чыңгыз дешет кыргыз кылган кыргызды,
Андай болсо ким жаратты Чыңгызды?
Кылымдардан кылымдарга кыдырып,
Кыргыз нечен басып өткөн турмушту.

Ким айта алат кыргыз качан жаралган,
Качан гүлдөп, бак-дарагы шак алган?
Кең пейилдүү, ак көңүлдүү элибиз,
Кайсы кандан, кайсы жактан таралган?

Угулганга кыргыз деген кабары,
Күбө болот карт тарыхтын барагы.
Санжырасы сан кылымга айтылат,
Сансыз жоону жаралаган жарагы.

Кыргыз эли малдуу көчмөн эл болгон,
Журт которуп, желе байлап жер конгон.
Эзелтеден эркиндигин талашкан,
Ээлеп жерин алам деген жоолордон.

Кээде жеңсе көп олжого батышкан,
Жеңилсе эгер тоо аралап качышкан.
Бирок, сансыз жоонун колу тынбастан,
Келип турган Чыгыш менен Батыштан.



Эл кырылып, айыл ичиң муң баскан,
Катын- бала кайгы тартып ыйлашкан.
Эр жигиттер улантышкан күрөштү,
Элин коргоп жоого моюн сунбастан.

Баштан өткөн нечен кайгы, азаптар,
Алды жакта дагы канча чатак бар?
Кыргыз менен окшош болгон тагдыры,
Кыйыры кең бир туулган эл казактар.

Биримдик жок, урууларга бөлүнүп,
Бир-бирине душман болуп көрүнүп.
Хандыктардын эзүүсүнө туш болгон,
Кан куюлуп, көздөн жашы төгүлүп.

Мына ушундай кекиртектен шап алма,
Кайгы баскан адилетсиз заманда.
Жардам сурап өкүлдөрүн жөнөткөн,
Орустарга кайра кыйнап жан алма!

Ак падыша аскерлерин жиберди,
Жерин алып, тоого сүрдү бүт элди.
Кошо апкелди замбирегин сүйрөтүп,
Ойрондолду кыргыз элдин тилеги!

Орус келип ажайып кооз жериме,
Үйрөтүштү өнөрлөрүн элиме.
Маданият, адабият таралды,
Көмөк болду элге билим берүүдө.

Бирок, элим кутулбады эзүүдөн,
Оолак калды алга өсүп кетүүдөн.
Ак падыша, башкаруучу төрөлөр,
Алыс болду эл тагдырын чечүүдөн.

Эл бүлүнүп, кайгы- капа, тополоң,
Эзүү күчөп, элден чыгып козголоң.
Далай адам жазыгы жок окко учуп,
Жарадары жан кыйналып онтогон.

Азаптуу эл чек арадан өтүшүп,
Кытай жакка жөө-жалаңдап кетишип.
Башкалары калышыптыр сактанып,
Баш калкалап, тоо койнуна көчүшүп.

Чоочун жерде эл кыйналып кор болгон,
Аргасы жок, кыз-келини зордолгон.
Кийинерге кийими жок бутунда,
Тамандары кере карыш чор болгон.

Колу-буту байлангандай арканга
Кызын сатып жарым чака талканга...
Өктөбүрдүн нуру тийди жаркырап,
Эл жабыркап азап тартып жатканда...

Ыңкылап деп теңдик келди элиме,
Үй салышып, шаар курушуп жериме.
Азап тартып көмүскөдө жаткан эл,
Аба жутту көөдөн жайып кериле.



Бүгүн кыргыз эң башкача өзгөргөн,
Такыр бөлөк заманага кез келген.
Эмки жаштар карылардан угушат,
Эски турмуш эл башынан өткөргөн.

Кыргыз жери байланыштын түйүнү,
Жерге батпай өстү малдын түлүгү.
Мелдештерде, жарыштарда байге алды,
Жел жетпеген асыл тукум күлүгү.

Ар бир үйдө электрдин жарыгы,
Кубат берген улуу дайра Нарыны.
Турбинаны тегеретип айлантат,
Тар түтүктө аккан күчтүү агымы.

Китеп чыгып кыргыз эне тилинде,
Элим жетти билим менен илимге,
Академик, илимпоздор аз эмес,
Өтө олуттуу салым кошкон илимге,

Кылымдарга сактап келген Манасты,
Элим берди нечен мыкты талантты.
Элдик мурас жаңы доордо өркүндөп,
Аты чыккан уул-кызды жаратты.

Ким билбесин Жеңижокту, Барпыны,
Алар чексиз таланттардын артыгы.
Эл кыдырып күн-түн ырдап жүрүшүп,
Мансаптуудан сактап калган калкымы.

Тоо булбулу улуу акын Токтогул,
Тоодой залкар Калык менен Алымкул
Жаадырчы эле нөшөрлөгөн жамгырдай,
Эл ырчысы төкмө акын Осмонкул.

Баш ийебиз талантына Чыңгыздын,
Ал көп жазды ачуу жагын турмуштун.
Көп тилдерге которулду китеби,
Элдеринде Батыш менен Чыгыштын.

Элибизде кээде болот салтанат,
Сыймыктанат, Чыңгызына гүл сунат,
Сапар кезди көп өлкөнү кыдырып,
Танабайдын талыкпаган Гүлсарат.

Жүрөк эзген «Кызыл жоолук жалжалы»,
«Ак кемеси»— наристенин арманы.
Жамийласы, Дүйшөн менен Эдигей,
Китептерин окубаган калбады.

Кыргыз эли күркүрөгөн чоң дайра,
Түбөлүккө тынбай аккан кең сайда.
Чыңгыз— тоонун мөлтүр кашка булагы,
Даңкы тарап, алыс кеткен далайга.

Кыргыз эли түптүү дарак көгөргөн,
Жерде терең тамырына жөлөнгөн.
Чыңгыз анын бир бакубат бутагы,
Бакытына, таалайына бөлөнгөн.

Жакын болду асмандагы жылдыздар,
Жаша, гүлдө түбөлүккө, кыргыздар!
Элибизден чыга берсин көбөйүп,
Жаңы талант, дагы далай Чыңгыздар!..



МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Дели | 3—5 |
| Таажы-Махал | 6—7 |
| Кутаб Минар | 8 |
| Сари оронгон кыз | 9 |
| Тирүү кудай | 10 |
| Натаража | 11 |
| Шивалингам | 12 |
| Минакши | 13—14 |
| Индия баяны | 15—22 |
| Сагынуу | 23—24 |
| Кызыл-Оюм —ардагым | 25 |
| Чар ичинде | 26—28 |
| Суусамырга баратканда | 29—30 |
| Көкө-Мерен көк дайра. | 31—32 |
| Төө-Ашуу менен сырдашуу | 33—34 |
| Кожомкул | 35 |
| Көл жээгинде | 36—37 |
| Комуз үнү | 38—39 |
| Таң булбулу | 40 |
| Адам жөнүндө ой | 41 |
| Улгайганда | 42—43 |
| Карылык | 44 |
| Борборум сүйгөн Бишкегим | 45—46 |
| Эски жыл менен жаңы жыл | 47 |
| Шатмандын эстелигине | 48—49 |
| Кыргыз менен Чыңгыз | 50—54 |

Алмасбек **ТИЛЕБАЛИЕВ**

**ИНДИЯ ЭЛЕСТЕРИ**

(Ырлар жана поэмалар)

**Редактору Кармышак ТАШБАЕВ**

**Корректору Токтобай СУЛАЙМАНОВ**

Терүүгө 7. 06. 93 берилди. Басууга 1.08. 1993 кол коюлду. Кагаздын форматы 60x84 1/32. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 2 учеттук басма табак. Нускасы 3000. Буюртманын № 3595. Баасы эркин.

Кыргыз Жумуриятынын жазуучулар Бирлигинин Ош дубандык бөлүмүнүн алдындагы «Жазуучу» чакан ишканасы. Ош шаары, Ленин көчөсү, 312.

---

Ош дубандык басмаканасы, Ош шаары, Курман жан датка көчөсү, 209.

50г

